*УДК: 494.3:894.341:371.302*

**Ж.К.Айтибаева, окутуучу, ОшМУ**

# Лингвистикалык концептологиянын негизги категориялары

*Бул макалада «концепт» жана «баш» түшүнүктөрү жөнүндө сөз болот.*
***Ачкыч сөздөр**: түшүнүк, концепт, объект, субъект, форма, баш, ой жүгүртүү, концептосфера.*

*В этой статье рассматриваются понятия «концепт» и «баш».*
***Ключевые слова**: понятие, концепт, объект, субъект, форма, голова, мышления, концептосфера.*

Илимдин бардык тармактарында эле кандайдыр бир түшүнүккө бир жактуу аныктама берүүгө болбой тургандыгы, же берилген аныктамага кайчы пикирлердин жашашы – мыйзам ченемдүү көрүнүш. Учурда тил илими кескин өнүгүп жатат. Анда ондогон жаны тармактар пайда болду. Булардын ичинде лингвистикалык концептология өзгөчө орунду ээлеп турат. Лингвистикалык концептологизмдин өзгөчө түзүлүшү, категориялары жана бирдиктери бар. Лингвистикалык концептология – тил менен аң-сезимдин, менталдык дүйнөнүн жана ой казынасынын байланышын, биримдигин изилдөөчү тармак. Анын негизги категориялары катары концепт, концептосфера, менталитет, дүйнөнүн тилдик сүрөтү, дүйнөнүн этностук сүрөтү ж.б. кызмат кылат. Бул категориялардын түзүлүшү, чечмелөөчү жана түшүндүрүүчү потенциалы ар түрдүү. Мисалы, концепт түшүнүгүн эле алсак, ал өз ичине элес, схема, сценарий, фрейм ж.б. кичи түшүнүктөрдү камтып турат. Булардын өз обөектиси, ички жана сырткы бөтөнчөлүктөрү, дүйнөнү чагылдыруу жана түшүндүрүү айырмачылыктары бар. Бул макалада концепт категориясына кененирээк токтолобуз.

Концепт – ой жүгүртүүнүн элементи. Ал менталдык бирдик. Концепт эс тутумдун түйүндүү компоненти болуп, аң-сезимде гана жашайт. Концепт тилдик каражаттарда материалдашат. Тилге өтүп гана ал тыбыштык турпатка ээ болот. Концепт категориясы бүгүнкү күндө лингвисттерди, философторду, психологдорду, логиктерди, ал тургай маданият таануучуларды өзүнө тартып, ошону менен бирге ал илимдерге мүнөздүү изилдөө ыкмаларын өзүнө камтып калды. Концептти талдоо көп тармактуу анализдин гана негизинде ишке ашат. Бул терминди алгач орус илимпозу С.А. Аскольдов-Алексеев 1928-жылы колдонгон. Бул окумуштуу концептти көптөгөн жандуу жана жансыз заттардын, кыймыл-аракеттердин жана кубулуштардын ойго таандык функциясынын ой жүгүртүүгө болгон катышынан пайда болгон ой түзүмү катары аныктагандыгы белгиленип келет [7. 22]. Концепт адамдын аң-сезиминин ой жүгүртүү аракетинин глобалдык бирдиги катары тышкы дүйнөдөгү кубулуштарды, сапаттарды, алакаларды чагылдырып, эс тутумдук мазмунун түзөт.

Тил илиминде “концепт” термини чет өлкөлүк изилдөөчүлөр: Р.Р. Джакендофф, Дж. Лакофф, Дж. Лангакер, Ч. Филльмор, А. Вежбицка Ю.Д. Апресян, З.Д. Попова, А.В. Костин, А.П. Бабушкин, В.В. Воробьев, И.А. Стернин, Н.Н. Болдырев, В.И. Карасик ж.б. тарабынан иликтөөлөргө алынган, бирок бүгүнкү күнгө чейин бул түшүнүк так аныктамага ээ боло элек. Алсак, окумуштуу И.А. Федюнин концепт термини боюнча төмөнкүдөй аныктама берет: “Концепт – дүйнөнүн “окуялуу” тилдик сүрөтү (картинасы)” [8. 7]. Окумуштуу Ю.С. Степанов концептке: “Концепт – бул адамдын аң-сезиминде калыптанган жана аны маданияттуу кылган маданий түшүнүктөрдүн уюткусу” [9. 111]; “концепт – нерсенин абстракттуу, конкреттүү-ассоциативдик, эмоционалдык-баалуулук белгисин, о.э., ага байланыштуу көп маалыматты ичине камтыган идея” [9. 41-42], – деген аныктамаларды берген. Бул аныктамаларда, И.А. Федюнин концепт түшүнүгүн чыгармачыл же окуялуу элестетүүгө байланыштырса, Ю.С. Степанов концептке чектелген түрдө мүнөздөмө бергендей туюлат. Анткени Ю.С. Степанов концептти маданият менен гана байланыштуу мазмундук түшүнүк катары караган десек болот. Маселен, “баш” деген өзүнчө түшүнүктү алып көрөлү. Анын аталышында эч кандай маданий маалымат жок. Ар бир инсандын улутуна карабай, өзүнүн түшүнүк алкагына (концептосферасына) ылайык “баш” түшүнүгүн өзүнчө атайт жана ал “дененин бир мүчөсү, денени башкаруу укугуна ээ, мээни коргоп турат, анда көз, кулак, ооз, мурун органдары жайгашкан” деген мазмундук түшүнүктөн турат. Бул мазмундук түшүнүк когнитивдик лингвистикада улуттук маданиятка көз карандысыз түрдө, ал эми лингвомаданият таануу илиминде улуттук маданий түшүнүктөргө таянуу менен чечмелениши ыктымал. Биздин оюбузча, концептти “маданий маалымат камтылган түшүнүк” катары кароого жана маанилик жактан чектөөгө болбойт.

Тил – адамдын аң-сезиминен анын концептосферасына ой-жүгүртүүнүн бирдиги катары концепттин мазмунун жана структурасын жеткирүүнүн каражаттарынын бири.

Ал эми В.И. Карасик концептке: “Дүйнө канчалык көп кырдуу болсо, концепт да ошончолук көп кырдуу”; “концепт бул – адамдын акыл-эсинде маанилүү маалымат катары баамдалган тажрыйбанын үзүндүсү, эсте сакталган менталдык маалымат”; “адам баласы өз жашоо турмушунда башынан өткөргөн кандайдыр бир маалыматтын фрагменти” [6. 39],– деген аныктамаларды берген. Албетте, В.И. Карасиктин концептке берген аныктамаларын толук кубаттоого болот. Анткени когницияны (аңдап-туюу процессин) изилдегенде кандай гана түшүнүк болбосун, анын аң-сезимде туюлуу, тилде чагылуу өзгөчөлүгүн анализдей берүүгө болот. “Концепт” түшүнүгү – когнитивдик лингвистиканын чегинен алып караганда, маданиятка көз карандысыз түрдө каралган, ал эми лингвомаданият таануу илиминин чегинен алып караганда, мазмунуна маданий маалымат камтылган тилдик бирдик катары саналган түшүнүк. Концепт – концептосферанын бирдиги, маани – тилдин семантикалык мейкиндигинин бирдиги. Концепт жана маани бирдей деңгээлде ой жүгүртүүчү когнитивдик табияттын кубулушу.

Бул багытта А.А. Залевскаянын да оюн колдоого болот. Ал концепт жөнүндө: “Адам акылындагы кадимки түшүнүктөн, мааниден айырмаланып, илимий сыпаттоонун азыгы катары аң-сезимде объективдүү түрдө жашоочу, динамикалык мүнөздө сезилип, туюлуучу когнитивдик түзүлүш”– деген туура аныктаманы берген [5. 39]. А.А. Залевская өзүнүн акыркы бир эмгегинде концепттин мээнин ар башка тарабында жайгашкан нейрондук ансамблин активге келтирүүчү негизин мүнөздөгөн. Сөз же кандайдыр бир белги аркылуу мээнин ар башка тарабындагы аспаптар кыймылга келип, ансамбль бир мезгилде ойногондой эле, адам акылындагы ой кыймылдаткычтары иштеп, ой бүтүмү жараларын далилдеген. Психолингвистикалык көз караштан алып караганда, А.А.Залевская концепттин табийгый-индивидуалдык өзгөчөлүгүн баса белгилеп: “Концепт бул – адамдын түшүнүк жарата алуу мүмкүнчүлүгү, акылынын мүлкү, адамзаттын жеке өзүнө таандык энчиси”, – деген жыйынтыкка келген [4. 67].

Бул терминди түшүндүрүү боюнча казак окумуштуулары да бир канча изилдөөлөрдү жаратышкан. Концептология багытында С.Е. Исабеков, З.К. Ахметжанова, Э.Д. Сулейменова, К.М. Абишева, Ш.К. Жаркынбекова, Л.В. Екшембеева, Г.Г. Гиздатов, Л.К. Жаналина, З.К. Темиргазина, М.Ш. Мусатаева, А.Р. Бейсембаев, Г.А. Хамитова ж.б. изилдөө иштерин жүргүзүшүп, концепт маселесин кеңири карап чыгышкан. Алардын ичинен Ш.К. Жаркынбекова концепт термини боюнча оюн төмөндөгүдөй билдирет: “Концептти моделдештирүүдө этномаданияттын спецификасын усул катары колдонууга болот” [8. 7]. Чындыгында эле, ар бир түшүнүктү кабыл алууда бизге чейинки көз караштар эске алынары талашсыз.

Ушул ойго жакын көз караш катары дагы бир казак окумуштуусу Г.М. Алимжанованын концептке мүнөздүү лингвокогнитивдик жана лингвомаданий түшүнүктүн чегин аныктап: “Лингвокогнитивный и лингвокультурный подходы к пониманию концепта не являются взаимоисключающими: концепт как ментальное образование в сознании индивида связан с концептосферой социума, т.е. в конечном счете, с культурой, а концепт как единица культуры есть фиксация коллективного опыта, который становится достоянием каждого человека. Другими словами, эти два подхода различаются векторами по отношению к носителю языка: когнитивный подход к концепту предполагает направление от индивидуального сознания к культуре, а культурологический подход – направление от культуры к индивидуальному сознанию” – деген баасын бергендигине күбө болобуз [8. 9].

Ал эми кыргыз окумуштууларынан М.Ж. Тагаев, С. Ибрагимов, А.А. Абдулатов, З.К. Дербишова, К.З. Зулпукаров, С.Б. Эргешова, А.А. Калмурзаева ж.б. бул багытта өздөрүнүн изилдөөлөрүн жүргүзүшкөн. К. Зулпукаровдун белгилөөсүндө: “Концепт – менталдык түшүнүк, ал адамдын ой-туюмунда гана жашайт, аны айтууга болбойт” [4. 53-58].

Биздин оюбузча, концепт – көп маанилүү термин. Концепт латын тилинен которгондо “түшүнүк” дегенди билдирет. Ал мазмундуу ойлорду инновациялык идеяда камтыйт. Концепт – продукт – ой-тутумда активдүү жашаган демонстрациялануучу модель. Лингвистикада жана философияда ал мазмунду, түшүнүктү туюнтуучу, белгилөөчү менталдык бирдик катары каралат.

Концепт ар кандай мүнөздө, көлөмдө, түзүлүштө болот, адамдын дүйнө таанымына жараша, дүйнө карашына, билим тажрыйбасына жараша түзүлүшкө ээ болуп, аң-сезимде сакталат. Ал түзүлүштөр аң-сезимде ар кандай элес, сүрөт түрүндө болсо, кай бир учурда элес же сүрөт менен чагылдырууга болбой, кыймыл-аракеттүү, орус окумуштуусу И.А. Федюнин белгилегендей,

“окуялуу” татаал түшүнүк түрүндө кабылданат. Мисалы, “баш” түшүнүгүн биздин кабыл алуубузда карап көрөлү: дененин жогорку бөлүгү, бүтүндөй организмди башкарып турат, бардык сигналдарды кабыл алып, анализдеп, кайра иштеп чыгат ж.б. кыймыл-аракеттин окуялуу жүрүшүн жөндөйт.

Түшүнүк – бул сөздөгү улуттук өзгөчөлүккө көз карандысыз түрдө, логикалык негизде ой жүгүртүү жолу менен алынган маани. Концепт – түшүнүккө караганда көп кырдуу, көлөмдүү менталдык бирдик. Түшүнүк концепттин бир түрү катары кызмат кылат. Концептте элдик билим, тажрыйба, көз караш, баалуулук, салт-санаа ж.б. чагылдырылат. Адам баласынын жашоосу канчалык көп кырдуу болгон сайын, ал ошончолук көп маалыматты өз аң-сезиминде концепт түрүндө жаратууга жетишет. Концепт түшүнүктү, ошондой эле ал түшүнүккө таандык болгон деннотативдик, коннонативдик, ассоциативдик байланыштын жыйындысын өз ичине алат. Концепт өзүнүн ички мазмуну, функционалдык касиети боюнча түшүнүктөн айырмаланат. Бирок экөө тең тилди, аң-сезимди, маданиятты комплекстүү изилдөөнү талап кылуучу идеяга баш ийет.

Концептке төмөнкүдөй белгилерди атоого болот:

1. Концепт – адамзаттын идеалдуу түрдө элестетүүсүнүн сөз түрүндөгү вербалдуу жана вербалдуу эмес чагылышы.
2. Концепт – маалымат билимин иштеп чыгууда, сактоодо жана аны муундан-муунга өткөрүп берүүдө кызмат кылган негизги бирдик.
3. Концепт – кыймылдуу мүнөзгө ээ болгон конкреттүү функцияны активдүү аткаруучу бирдик.
4. Концепт – маданияттын негизги уячасы [11. 66-67].

Концепттин негизги милдети адамдын ой жүгүртүү процессин камсыз кылып, маалыматты эске тутуу функциясынын милдетин аткаргандыктан когнитивдик лингвистикада, негизинен, ой туюмдун бирдиги катары каралат.

Тилде өзгөчө бир кубулуш бар: бир эле сөз бир жагдайда же контекстте башка маанилерди берип калышы кездешет. Бул татаал катышты көрсөтүү үчүн сөздөрдөгү форма-мазмун эки тараптуулук кубулушуна кайрылабыз. Форма-мазмун биримдиги универсалдуу, ал бардык тилдердин бардык сөздөрүндө кездешет. Анткени тилдеги бардык сөздөрдүн формасы жана мазмуну бар. Мазмун менен форма изилдөө максатында гана өз ара ажыратылат. Аларды айырмалоо иликтөөнүн максатына, тилчинин позициясына, колдонгон ыкмаларынын шартына ылайыкташтырылып жүргүзүлөт. Реалдуу чындыкта форма менен мазмун ажырагыс биримдикте жашайт. Мазмун менен форманын өз ара катышы синонимиянын, омонимиянын жана полисемиянын түпкү негизин сыпаттоого өбөлгө түзөт.

Биздин максат – концептосферадагы “баш” концептинин мазмунун жана формасын иликтөөгө алуу. Адамдын, дээрлик, бардык жаныбарлардын көз, мурун, ооз, кулак, мээ орношкон дене мүчөсү баш деп аталат. Же болбосо дененин үстүнкү бөлүгү баш болот. “Баш” концепти тууралуу да түшүнүктөр түрдүүчө колдонулуп, түрдүүчө кабыл алынат. Бул концептти ***баш, келде***сөздөрү менен туюнтушат. Буларды аныктоочу экспоненттер да ар түрдүү. **Баш** формасына карап ар кандай сүрөттөлөт: *чоң баш* – башы чоң адам (эл ичинде “базган” баш делет), *кичине баш* – башы кичине адам (эл арасында “чүм” баш делет), сүйрү баш – узунунан келген баш, *жалпак* баш – *жалпайынкы келген баш, төрт бурчтук баш, тукум баш, туура баш, катуу баш, сөлпү баш, курук баш, дөң мандай баш, өткүр баш, жар кабак баш* ж.б. [8. 101].

Кээде чачтын абалына, түсүнө карап да айтылат: *ак баш, такыр баш, тармал баш, кара чачтуу баш, суюк чачтуу баш, түйдөк баш, алтын баш* ж.б. [8. 102]. Ал тургай адамдын өзүн алып жүрүүсү, маанайы, турпатына жараша да баш бөлүнөт: *сергек баш, зээндүү баш, оорулуу баш, чарчаңкы баш, тумандалган баш, айланган баш, жарылган баш* (спирттик ичимдиктерди колдонгондон кийинки баштын абалына карата жана бир нерсе тийип жарылып, канаган учурларда айтылат,) [8. 102]. Тилде “баш” сөзүндөгү мазмун менен форманын өз ара катышы полисемиянын түпкү негизин аныктайт. Бул сөз көп маанилүү. Төмөнкү мисалдарда карап көрсөк, анын түрдүү денотаттарды атай алгандыгын көрүүгө болот:

1. Дене мүчө катары:

*Эгемкул унчукпай гана баш ийкеп макулдугун берди* (сүйлөшүү кептен). *Ал башын муздак карга тыгып, мына азыр кече күнкү түшүндөгүдөй Жараткан атайы жиберген периштелер келет деп күтүп турду... Жыгылып башын жерге ургулап, оозунан көк түтүнү чыгып, көкүрөгүн тытып жатып калды...(С. Раев).*

Мында ***баш*** – органдын аты катары каралат.

2. Кээде “баш” сөзү адамдын же айбандын өзүн атайт:

*Жанжалдан жалын чыкпайбы,Жамандык башты жутпайбы(“Эр Табылды”).*

*Кош башына бир семиз , Жылкыдан тандап сойгула (“Эр Табылды”)*
*Ат башы менен эр башы, Абалтан кайда калбаган (Ж.Бөкөнбаев).*
Бул жерде ***баш*** – индивид, жеке адам. Сөз “адам” маанисинде колдонулган.

3. Бир нерсенин алгачкы чыккан жери, жогорку жагы, башталышы:
*Иштин башы жакшы башталды, Мен суу башына барамын,*
*Жогортон кечүү чаламын (“Эр Табылды”). Азыр эстесем, ошол рельс үстүндө калган баланын оронычусунун баш жагында кудум эле ушундай мукабадагы китеп коюлган эле (С.Раев).*
Бул мисалдарда **“баш”** сөзү иштин жана суунун башталышын туюнтуп турат.
4. Дан эгиндеринин жогору жагына жайгашкан дан берүүчү бөлүгү:

*Кызык деги ушул тулаң чөп! Өз башына өзү ээ эмес, жел жүргөн жакка жыгылат (Ч. Айтматов). Анан калса үлпүлдөгөн жибек чач баштары желсиз тура албагандай (Ч. Айтматов).*

***Баш*** – башталыштын аты. Эгиндин даны – өсүүнү, өнүгүүнү жараткан бөлүгү. Ошондуктан жаратылыштагы жандуу нерселер менен бирге жансыз нерселерде да жогорку бөлүк ***баш*** болушу – салыштырмалуу көрүнүш.

5. “Баш” сөзү чоку, төбө, бир нерсенин жогорку, үстүңкү бөлүгү деген да маанини билгизет: *Каныбек бийик асканын башында атасы Сансыздан үйрөнгөн ырын ырдап олтурат (К. Жантошев). Тоо баштарына караңыз, башыңыз айланбайт, – деди (Т. Сыдыкбеков).*
Бул жерде ***баш*** сөзү аркылуу тоо-асканын үстүн, жогорку бөлүгүн атоого колдонушкан.

6. Башкаруучу, башчы, тескөөчү деген мааниде колдонулат:

*Элүү башы, жүз башы, Эл баштаган эрлериң, Бирин калбай, баарын кел* (“Сейтек*”). Жол башчысы император, береги алтоонун эң улуусу, көз айнекче-ни – мурдагы актер.Бирок ал булардын арасындагы эң эле түнт, оңою менен кеп-сөзгө тар тылган сөзгө сараң айым, анын аты Клеопатра, бу айымдын атын жиндикананын башчысы койгон дешет, а чыныгы атын өзү да эч кимге айткысы келчү эмес. Көбүнесе буердин баш докторунун бөлмөсүнө чакыртып турушат.*

***Баш*** сөзү башкаруучулук жөндөмдү, ал денени башкарган сымал, бир нече башты да башкаруу мүмкүнчүлүктү белгилеп жатат.

7. Болуп жаткан иштин, окуянын ж.б. дал үстү,өзү, жаны:
*Ал эмнегедир эле очок башында күймөлөнүп, кармала берди.*
*Момун өз башын сыйлоо дегенди билбейт (Ч.Айтматов).*

Мында ***баш*** сөзү очоктун дал үстүндө, жанында тургандыгы, субөектин өзүн атоодо колдонулат.

8. Бул сөз мыкты, тандамал, башкалардан жогору, биринчи деген мазмунда колдонулат:
*Баш байге, баш козу, баш жылкы ж.б.*
*Ойдо жаткан таш элең, Орокчунун башы элең (Тоголок Молдо)* [1;211].
Бул мисалда ***баш*** сөзү “эң алдыңкы, эң кыйын, чыгаан” деген маанини билдирет.

9. Аяр мамиле кылып, аздектей турган органдын аты:

*А кокус жамгыр жаап, же өткүн аралаш мөндүр түшсө, кудай бетин көрсөтпө, баш катар жер таппай далбас урат (Ч.Айтматов).*

Мында ***баш*** сөзү табият жараткан оор абалдан, жамгыр-мөндүрдөн сактай турган, этият мамиле кыла турган органдын аты катар колдонулган.

10. Макул болуу, макул болбоо, ынанбоо же моюн сунбоо аракетин баш тартуу фразеологизми аркылуу да туюнтууга болот:

*Чыңгызхан эми биротоло актыкка башын уруп, керээзин так ушул ноёнуна айтты...(С.Раев). Кээде балдары ачык эле андан баш тартышат(сүйлөшүү кебинен.) Афинскаяга да баш бербей талмасы кармап кумга жыгылды (С.Раев).* Мында ***баш*** сөзү өзүн-өзү билгендикти, өзү үчүн өзү чечим кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн туюнтуп турат.

Демек, баш сөзү көп маанилүү сөз катары тиешелүү концепттин түрдүү жагдайларда колдоно ала турган экспоненти катары аныкталат.

Ошентип, концептти лингвистикалык концептологиянын негизги категориясы катары аныктоо менен, анын репрезентативдери полисемиялык мүнөздө болорлугун айтууга болот. Анын мазмунун элес, схема, фрейм ж.б. кичи категориялар түзөт. Когнитивдик лингвистиканын алкагында “баш” концептин изилдөө орчундуу проблема. Анын менталдык түзүлүшүн атайын талдоо көркөм чыгармалардын, мифтердин, паремиялардын материалында кийинки аткарылуучу иштерибизде каралышын максат кылабыз.

**Адабияттар**

1. Айтматов Ч. Чыгармаларынын сегиз томдук жыйнагы IV том – Б.: Улуу тоолор, 2014.
2. Горбачевич К.С., Хабло Е.П. Словарь эпитетов русского литературного языка – Ленинград: Наука, 1979.
3. Залевская А.А. Текст и его понимание. – Тверь: Тверь гос.унив-т, 2001.
4. Залевская А.А. Слово. Текст. – М.: Гнозис, 2005.
5. Карасик В.И. Культурные доминанты в языке. – Волгоград-Архангельск, 1996.
6. Кыргыз тилинин сөздүгү. А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында, – Бишкек: “AVRASYA PRESS”. 2011.
7. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. – М.: АСТ Восток-Запад.: 2010.
8. Прохоров Ю.Е. В поисках концепта. – М.: Флинта “Наука”. 2009.
9. Раев С. Жанжаза. – Б.: Турар, 2013.
10. Степанов Ю.С. Константы. Словарь русской культуры. – М., 1997.

**J.K.AITIBAEVA, teacher, OshSU**

**Fundamental category linguistic conceptology**

*This article discusses the ideas «concept» and «bash».*
***Keywords**: idea, concept, object, subject, form, head, thinking, concept sphere.*